№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби

# Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо боюнча ЖОБО

Таш-Көмүр шаары
Шамалды-Сай шаарчасы
2022-жыл

Бекитем

Директор __________ Джанышбаева Ч.Т.

«01» __02__ 2022-жыл

**Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо боюнча жобо**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо системасы жөнүндөгү жобо мектептеги окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун структурасын аныктайт, билим берүү мекемесиндеги баалоонун технологиясын жана уюштуруусун бекитет, аралык жана жыйынтыктоочу аттестациянын эрежелерин жана тартибин түшүндүрөт.

1.2. Бул Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо системасы жөнүндөгү жобо КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын негизинде , Мамлекеттик билим берүүдөгү стандарттар, мектептин билим берүү программалары , мекеменин Уставы жана мамлекеттик жана регионалдык деңгээлдеги нормативдик актылардын негизинде иштелип чыккан.

1.3. Бул Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо системасы жөнүндөгү жобо мектептин локалдык актысы болуп эсептелип, өзгөртүү жана толуктоо укугуна ээ болуп,мектептин Педагогикалык кеңешмесинде каралат жана бекитилет. Билим берүү ишмердүүлүгүнүн катышуучуларына аткарууга милдеттүү болуп эсептелет.

1.4. Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо системасынын максаттары

- билим берүүнүн жетишкендиктерин баалоонун бирдиктүү критерийлерин калыптандыруу;
- окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктеринин абалы жана анын деңгээлине таасир кыла турган андагы өзгөрүүлөрдүн тенденциясы жана себептери жөнүндө объективдүү маалымат алуу;
- билим берүү менен байланышкан чечимдерди кабыл алганда билим берүү кызматын алып жаткан тараптардын маалыматка ээ болуу даражасын жогорулатуу;
- жалпы билим берүү мекемесинин администрациясынын башкаруудагы негиздүү чечимдерин кабыл алуу.

1.5. Мектептеги окуучулардын билим беруудөгу жетишкендиктерин баалоо системасынын маселелери :

- билим берүүдөгү жетишкендиктердин жана жолдорунун өлчөөдө бирдиктүү критерийлерди түзүү;
- окуучулардын жетишкендиктерин көзөмөл жана баалоодо объективдүүлүктү жогорулатуу;
- билим берүүдөгү жетишкендиктерге системдүү анализ жүргүзүү жана окутуу процессине керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- билим берүү процессинин бардык катышычууларына өзүн-өзү баалоо жана анализ кылуу шарттарын түзүү;
- окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо процедурасына катышкан билим берүү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга көмөктөшүү

2.2.1. Жыйынтык баага негизги жалпы билим берүүдөгү предметтик жыйынтыктар чыгарылат. жыйынтык баа төмөнкүлөрдүн негизинде калыптанат:

- бардык предметтер боюнча билим берүү жетишкендиктеринин мектеп ичиндеги мониторинги;
- бардык предметтер боюнча аткарылган иштердин баалары;
- мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга чыгарыла турган иштер үчүн баалар

2.2.2. Окуучунун чейректик же жарым жылдык баасы контролдук, практикалык иштердин, ооз эки жооптордун контролдук мүнөздөгү баасынан жогору боло албайт. Чейректик же жарым жылдык баалар мугалим тарабынан окуучунун үчтөн кем эмес баасы болгон учурда чыгарылат. Окуучунун чейректик баалары бирдей болгон учурда жыйынтыктоочу баа катары акыркы чейректин баасы коюлат.

2.2.3. Чейректик, жарым жылдык жана жылдык баалар каникул башталганга үч күн калган убакытка чейин коюлат. Класс жетекчилери аттестациянын жыйынтыктары жана педагогикалык кеңештин көчүрүү жөнүндөгү чечимин окуучуларга жана ата-энелерге кабарлайт. Окуу жылынын баалаары төмөн болгон учурда жазуу түрүндө ата-эненин тааныппкандыгы туралуу датасы жана колу коюлган түрдө.

**3.1. Документациянын мугалим тарабынан жүргүзүлүшү**

3.1.1. Мугалим ар бир предмет боюнча педагогикалык ишмердүүлүктү пландоонун негизи болгон календарлык-тематикалык планды бир жылга түзөт .

3.1.2. Класстык журнал мугалимдик негизги документи болуп эсептелип жумушчу программа жана тематикалык планга ылайын күн сайын толтурулат.

3.1.3. предметтер боюнча бардык текшерүү иштери төмөнкү тартипте бааланат: алгач бардык берилген тапшырмалар баа менен бааланып , чейрекке коюлат.

3.1.4. Окуучунун кийинки класска же башка мектепке которгондо класс жетекчи предметтер боюнча аралык жана жыйынтыктоочу бааларды өздук делого белгилейт.

**3.2. Документациянын администрация тарабынан жүргүзүлүшү**

3.2.1. Мектеп администрациясы өзүнүн ишмердүүлүгүндө билим берүү процессинин ишке ашырылышын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында мугалимдердин, окуучулардын бардык керектүү материалдарын пайдаланат.

3.2.2. Окуу процессинин бардык катышуучулары жөнүндөгү маалыматтар окуу иштери боюнча мектептин мүдүрүнүн орун басары тарабынан классификацияланат.

3.2.3. Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча бардык топтолгон материалдардын негизинде окуу иштери боюнча мүдүрдүн орун басары педагогикалык коллективдин ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү боюнча анализ жүргүзөт.